Батыркулова Айгүл Бекмурзаевнанын кандидаттык диссертациясын алдын ала коргоо боюнча Ишеналы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) психология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д 13.20.623 диссертациялык кеңешинин жана Ишеналы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын кызматкерлери менен биргеликте өткөрүлгөн кезектеги отурумунун

# № 3 П Р О Т О К О Л У

Бишкек шаары 25.12.2020.

**Катышкандар:**

1. Батаканова С.Т.-п.и.д., профессор, 13.00.02
2. Муратов А.Ж.- п.и.д., профессор, 13.00.02
3. Омурбаева Д.К.- п.и.к. доцент, 13.00.02
4. Акматов К.К. .- п.и.д., профессор м.а., 13.00.02
5. Ахметова Н.А.- п.и.д., профессор, 13.00.02
6. Бердибаева С.К. – пс.и.д., профессор 19.00.07
7. Добаев К.Д.- п.и.д., профессор, 13.00.02
8. Елебесова С.А.- п.и.к. доцент, 13.00.02
9. Манликова М.Х.- п.и.д., профессор, 13.00.02
10. Мукамбетова А.С.- п.и.д., профессор м.а., 13.00.02
11. Мураталиева Н.Х.-пс.и.к., доцент, 19.00.07
12. Мусаева В.И.- п.и.д., профессор м.а., 13.00.02
13. Рысбаев С.К.- п.и.д., профессор, 13.00.02
14. Сыдыкбаева М.М.- п.и.д., профессор, 13.00.02
15. Укуева Б.К. .- п.и.д.,профессор, 13.00.02
16. Чыманов Ж.А.- п.и.д.,профессор, 13.00.02

**Отурумга катышкан адис окумуштуулар:**

1. Супатаева Э.А.-п.и.к., КББАнын ага илимий кызматкери, 13.00.02
2. Хасанов Н.Б. - п.и.к., доцент
3. Абдраева Н.А.- п.и.к., И.Арабаев атындагы КМУнун доц.м.а., 13.00.02
3. Раимбекова М.Р.- п.и.к., И.Арабаев атындагы КМУнун доц. 13.00.02
4. Нуркулова М.Р.- п.и.к., И.Арабаев атындагы КМУнун доц.м.а., 13.00.02
5. Куканова М.А.- п.и.к., И.Арабаев атындагы КМУнун доц.м.а., 13.00.02

**Отурумдун төрайымы** **С. Т. Батаканова** п.и.д., профессор

**Отурумдун катчысы** **Д. К. Омурбаева** п.и.к., доцент

**Күн тартибиндеги каралуучу маселе:**

1. **Батыркулова Айгүл Бекмурзаевнанын "Орто мектептин кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуунун методикасы" деген темада 13.00.02. – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты)** адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын талкуулоо.

Отурумдун төрайымы п.и.д., профессор С.Т. Батаканова ачып, күн тартибиндеги каралуучу маселе менен тааныштырды. Диссертациялык тема жана илимий жетекчи ф.и.д., профессор С.О. Байгазиев дайындалып, 1999-жылдын 24-июнунда Кыргыз билим берүү академиясынын Окумуштуулар кеңешинин №6 чечими менен бекитилген .

Ишти кароо үчүн төмөнкү эксперттер дайындалган:

1. Педагогика илимдеринин доктору, доцент Акматов К.К.
2. Педагогика илимдеринин доктору, проф. Мусаева В.И.
3. Педагогика илимдеринин доктору, проф., м.а., Укуева Б.К.

Изилдөө Кыргыз билим берүү академиясынын мамлекеттик тил жана көп тилдүү билим берүү лабораториясында аткарылган.

Отурумдун төрайымы, п.и.д., профессор С.Т. Батаканова илимий иштин мазмунун баяндап берүү үчүн изденүүчүгө сөз берди.

Диссертациялык иштин кыскача мазмуну жана практикалык жыйынтыктары тууралуу изденүүчү **Батыркулова Айгүл Бекмурзаевна** төмөнкүлөргө: изилдөөнүн актуалдуулугу, изилдөөнүн объектиси, изилдөөнүн предмети, изилдөөнүн максаты жана изилдөөнүн милдети менен кошо аларды ачып берүүгө токтолду.

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Кыргыз адабияты өзүнчө предмет катары мектептерде окутула башталышы жүз жылга чукулдап барат. Бир кылымга тете мезгил ичинде адабиятты окутуунун бай практикалык тажрыйбалары топтолуп, кыргыз адабиятын окутуунун методикасы өзүнчө илим катары калыптанып, өнүгүп, азыркы билим берүүнүн талаптарына ылайык өркүндөтүлүүдө. Аталган илимдин калыптанып өнүгүшүнө, азыркы абалына К.Иманалиев, Б.Алымов, С.Байгазиев, И.Исамидинов, С.Батаканова, С.Момуналиев, Н.Ишекеев, С.Рысбаев, А.Муратов, С.Сакиева, Б.Акматов, К.Акматов, Мараимова Н. ж.б. окумуштуу-методисттердин илимий-методикалык эмгектери өз салымдарын кошкон. Легенда менен уламыш терминдеринин адабият таанууда такталбай келе жаткандыгы окуу процессинде ага бирдиктүү баа берилбей, чаташып айтылышына себеп болуп келет. Ошондуктан адабият таануучулук жактан талдоо, методикалык жактан бирдиктүү термин менен атоо зарылчылыгы турат жана легендалык чыгармаларды заманбап технологияларга ылайык окутуу методикасын иштеп чыгуу муктаждыгы, алдыңкы педагогикалык иш-тажрыйбалардын жалпылаштырылбагандыгы, инсанга багытталган окутууга басым койгон илимий-методикалык изилдөөлөрдүн зарылдыгы изилдөөбүздүн актуалдуулугун айгинелейт. Орто мектепте кыргыз адабиятын окутууда легендалар 1950-жылы окуу программасына киргизилип, окутула

баштагандыгына карабастан, аталган жанрдагы чыгармаларды окутуу процессине төмөнкүдөй **карама-каршылыктар** орун алып келе жаткандыгы ачыкталды: «легенда» жана «уламыш» термин түшүнүктөрүнүн адабият таануу менен адабиятты окутууда бирдиктүү пикирдин тактала электиги; легенда менен уламыштын негизинде жазылган чыгармалардын терминдик жактан бир типке келтирилбегендиги жана окуу китептерде, программаларда, методикалык адабияттарда аталыштардын такталбагандыгы; практик мугалимдердин аталган термин боюнча түшүнүктөрүнүн чектелүү экендиги; легендалык чыгармаларды окутуунун методикасынын иштелип чыгып, колдонууга сунуш кылынбагандыгы; натыйжада, кыргыз адабияты мугалимдери легендалык чыгармаларды окутууда бир катар теориялык жана практикалык кыйынчылыктарга дуушар болушу ж.б. Аныкталган карама-каршылыктар диссертациялык изилдөөнүн темасы: «Орто мектептин кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуунун методикасы» деп алууга негиз болду.

**Изилдөөнүн максаты:** орто мектепте кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуунун азыркы талаптарга шайкеш методикасын иштеп чыгуу, эксперименттин текшерүү жана практикага сунуш кылуу. Аталган максатка жетүү үчүн томөнкүдой **милдеттер** коюлган:

1. легенда менен уламыштын негизинде жазылган чыгармаларды терминдик жактан бир типке келтирүү жана окуу китептерде, программаларында, методикалык адабияттарда аталыштарын тактоо;
2. легендалык чыгармалардын адабият таануу, кыргыз адабиятын окутуунун методикасы илимдеринде изилденишин үйрөнүү, жалпылаштыруу;
3. легендалык чыгармалардын окуу программалары менен окуу китептеринде берилишин талдоо;
4. легендалык чыгармаларды окутуунун методикасын иштеп чыгуу жана иштелип чыккан методиканы педагогикалык эксперимент аркылуу текшерүү, толуктоо жана практикалык колдонууга сунуш кылуу; Иш 3 главадан турат.

**“Орто мектептин кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуунун илимий-теориялык маселелери”** деп аталган биринчи главада легенда, уламыш, легендалык чыгарма түшүнүктөрүн тактоо, легенданын башка элдерде аталышы, алардын классификациясы, легендалык чыгармалардын окуу программаларында, окуу китептеринде берилиши эволюциялык планда анализденип, изилдөө жүргүзүлдү, аннотацияларына, сунуш-багыттамаларына көңүл бурулду.

Экинчи глава “**Орто мектептин кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуп - үйрөтүүнүн методологиясы жана методдору”** тууралуу болду. Кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуу боюнча изилдөөбүздүн максат-маанисин, багытын, жүрүшүн жана күтүлгөн жыйынтыктарын туура белгилөө үчүн анын методологиясы аныкталды.

«Методология» термини грек тилиндеги «методос» – изилдөө, ишмердүүлүк; «логос» – окуу, теория деген сөздөрдүн курамынан турат. Демек, «методология» бизче изилдөө жөнүндө, ишмердүүлүк тууралуу окуу, теория деген маанини туюндурат. Методология узакка созулуучу татаал процесс, а методологиясыз илимий иш жүргүзүү мүмкүн эмес. Бул главада легендалык чыгармаларды окутуунун эффективдүүлүгүн арттырууда окутуу методдорун колдонуунун жолдору изилденди жана тажрыйбалардын жүрүшү жана анын жыйынтыктары чагылдырылды.

Үчүнчү глава **«Орто мектептин кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуунун технологиясы»** деп аталуу менен, легендалык чыгармаларды интерактивдүү методдор менен окутуунун проблемалары жалпылаштырылды. Инновациялык технологияларды пайдалануунун артыкчылыктары белгиленди, окуучулардын тил байлыгын арттырууга, сынчыл ой жүгүртө билүүсүн өркүндөтүүгө, дүйнөнү кабылдоо деңгээлин жогорулатууга, тапкычтык, байкагычтык сезим-туюмун ойготууга багытталган, билимдерди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү уюштурууга багытталды. Педагогикалык эксперимент республикабыздын 5 мектебинде өткөрүлдү.

**Диссертант изилдөө ишнн тааныштыргандан кийин төрайым С.Т.Батаканова нзденүүчү изилдөө ишин тааныштыруусун аяктады. Изденүүчүнүн изилдөө ишине карата кимде суроо бар деп кайрылды.**

**В.Мусаева:** Менде суроо бар. Айгүл Бекмурзаевна, айтсаңыз. Сиздин ишиңиздин жаңылыгы эмнеде, мисалы буга чейин окутулуп келген, мындан кийин да окутула берет, а сиздин жаңылыгыңыз эмнеде?

**Изденүүчү:** Сурооңузга ырахмат, Венера Инаятовна!

Орто мектептин кыргыз адабиятын окутуу программасында, окуу китептеринде жана методикалык эмгектерде бирде «легенда», бирде «уламыш» терминдери аралаш колдонулуп, окутууга жана окуп-үйрөнүүгө кыйынчылыктарды жаратып, айрым башалмандыктар болуп келет. Эки түшүнүктүн бир эле маанини бергендигин окумуштуулардын изилдөөлөрүнө таянуу менен далилдеп, бирдей аталышка келтирүү жана легендалык чыгармаларды окутуунун заманбап технологияларын иштеп чыгуу жаңылыгыбыз болду деп эсептейм. Мен өзүм да 21 жылдан бери мектепте иштеп келе жатам.

**В.Мусаева:** Ошондо легенда деген эмне экен?

**Изденүүчү:** “Легенда” уламыштын орусча аталышы, уламыш легенданын кыргызча аталышы башкача айтканда, легенда грек сөзү, кыргызчага которгондо “улама-аңыз” дегенди билдирет.

**В.Мусаева:** Уламышта чындык барбы же жомокпу?

**Изденүүчү:** Тарыхый негизге таянылган чыгармалар уламыш, ал эми жомок болсо ойдон чыгарылган болсо, уламыштардын тарыхый негизи бар. Мифтен келип чыкса деле мифтин негизинде келип чыккан уламыштын чындыгы бар, анткени “бугу” уруусу кайдан келип чыккан? Мына ушул

суроо дагы уламыштын тарыхый негизге таянып келип чыкканын аныктайт. Уламыштарды көпчүлүк элдер чындык катары кабыл алышат. Ал эми жомок ойдон чыгарылган нерсе.

**В.Мусаева:** Жакшы. Анан сизге дагы экинчи суроо? Сиз бул жерде методологиянын негизинде деп жатпайсызбы? Баалуулук концепциясы деп коюптурсуз да. Кыргыз адабиятынын концепциясы барбы? Стандарты барбы?

**Изденүүчү:** Албетте, кыргыз адабиятынын стандарты Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы №403 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында жалпы орто билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде чыккан. Жаңы стандарттын өзгөчөлүгү кыргыз адабияты предметинин исскуство тарабына киришинде мурда илимий жактан изилденген болсо, азыр эстетикалык жагына көңүл бурулат. Оптимизм, пессимизм, историзмге көңүл бурулат.

**В.Мусаева:** Ошондо адабият исскуствого киреби? Баалуулук концепциясы деп коюптурсуз, барбы ичинде адабияттын концепциясы?

**Изденүүчү:** Ооба, бар. Стандарттын ичинде адабияттын концепциясы бар.

**В.Мусаева:** Сиз авторефераттын 12-16-беттеринде таблицага программага киргендерди класска бөлүп санап коюптурсуз? Таблица түзүүнүн да өзүнүн максаты, милдеттери, концепциясы бар да. Сиздин таблицаңыз абдан жөнөкөй түзүлүп калган. Кайталанма болуп калган. Чыгарманын идеялык-тематикалык концепциясы беришиңиз керек болчу.

**Изденүүчү:** Сунушуңузга ырахмат. Эске алам. Мен бул таблицаларды аннотациясы менен кошо бергем. Бирок абдан көлөмдүү болуп кеткендиктен, авторефератта кыскартып берүүгө туура келди. Таблицаны 2016-2017-жылдагы сааттарда бир аз айырмачылык болушу мүмкүн ошол максатта бергем.

**В.Мусаева:** Эми бул сизге эле тиешелүү эмес. Көпчүлүк аспиранттар авторефераттын беттерин толтуруу үчүн курулай эле кайталанма таблицаларды бере беришет. Ошону үчүн сурап жатам. Андан кийин, авторефератта главаларды табыш кыйын болду. Авторефераттын өзүнүн нормасы бар да ошого жараша оңдосоңуз.

**Изденүүчү:** Сунушуңузга ырахмат. Кабыл алдым. Бул таблицаларда фактология жок. Предметтик компетенттүүлүктөр, мазмундук тилкелер, сабактын шилтемелеринен үзүндү кыскартылып берилгени үчүн сизге түшүнүксүз болуп калды окшойт. Бул сабактар менен 2015-жылдан 2019-жылга чейин эксперимент жүргүзлгөн. Окуу программасы 5-6-9-класстарда өтүлгөндүктөн, эксперимент жүргүзүлдү. Өзүм мектепте иштегендиктен, бул сабактарды интерактивдүү методдор менен иштеп чыктык. Легенданын негизинде жазылган чыгармаларды окутууда сабак-сахна, сабак-диспут сабактын стандарттык формалары колдонулса, “Чептен эрдин күчү бек”, “Толубай сынчы” поэмаларында акыл-эске чабуул, башкарып окутуу ыкмалары колдонулду. Тажрыйбабыз башында жана соңку этабында кандай жыйынтык берди, ошону көрсөтүүгө аракет кылдык.

**С.Батаканова:** Ырахмат. Сөз Жеңишбек Арыповичке берилет.

**Ж.Чыманов:** Айгүл айым, диссертацияңыздын темасы абдан актуалдуу экен. Диссертациялык иштин өзүнө түздөн-түз болбосо да кыйыр түрдө мааниге ээ болгон легенда жана уламыш терминдери боюнча ар бир изилдөөчү өз-өзүнчө айтып келгендигин ошого ылайык окуу программасында да бирде легенда, бирде уламыш деп айтылып келгендигин сунуш кыласыз, далилдейсиз да, ээ. Макул. Менин суроом мындай. Бул суроонун арты менен көп нерсени чечип алабыз. Бул терминдин колдонулушунун чечиле электиги кыргыз тилиндеги көп терминдердин дагы да изилдениши керек экендиги ойлондурат. Суроом мындай: Бул жерде орто мектептерде адабиятты окутуунун авторлору отурат. Сен уламыш менен легенда терминдеринин ортосунан аласың да. Уламыш деген терминди колдонобуз деп жатасың? Муну эмнеге негиздедиң? Экинчи суроом сиздин жетекчиңиз жана окуу китептин, программанын түзүүчүсү, автору А.Муратов макул болуп, окуу программаларында бул терминдин бирдиктүү аталышына көзүң жетеби?

**Изденүүчү:** Мен далилдей алсам, албетте, көзүм жетет. Легенда менен уламыш терминдеринин адабият таанууда такталбай келе жаткандыгы окуу процессинде ага бирдиктүү баа берилбей, чаташып айтылышына себеп болуп келет. Ушундай зарылчылыктан улам бирдей аталышка келтирүү учур талабы.

**Ж.Чыманов:** Жетекчиңиз, макулбу, сиздин сунушуңузга?

**Изденүүчү:** Ынанымдуу далил болсо, албетте, макул болот. Далилдей алдым деп ойлойм. Эксперименттин жыйынтыгы да легенда, уламыш бир аталышты талап кыларын көрсөттү.

**Ж.Чыманов:** Көрдүңүзбү, кеп мына ушунда жатат. Эгерде ушуну тактап берсеңиз, сизге чон ырахмат айтам. Суроом жок. Ырахмат.

**С.Батаканова:** Ырахмат. Сөз сизде Нурлана Алымкуловна!

**Н.Ахметова:** Айгүл Бекмурзаевна, скажите пожалуйста, на странице 15-й у вас написано музей слайда. Что это такое? Активно используется такие приемы как класстер, проектор, деятельность, работа плакатами. Это не приемы. А что такое музей слайда?

**Изденүүчү:** Негизи кыргызчада музей слайд жок. Которулганда ката кетип калган окшойт. Мен муну оңдоп коем.

**Н.Ахметова:** Чем отличается легенда от мифа? Есть миф, есть легенда?

**Изденүүчү:** Миф - байыркы адамдардын жаратылыштын сырдуу кубулуштарын али түшүнө элек кезде ойдон чыгарган чыгармалары, грек мифтери , мисалга алсак. А легенда тарыхый негизи бар чыгармалар.

**С.Батаканова:** Дагы кимде суроо бар? Миновар Халиковна, суроо барбы. Анда сөз сизде.

**М.Манликова:** Айгул Бекмурзаевна, чувствуется что проделана большая работа. Работа проделанная большая литературоведческая именно по этой части. Проведена классификация, определение. По методической части оно кажется очень схематично, не очень убедительна. По этому возникается такие вопросы? Первый вопрос. Если вы проанализировали

учебники для всех классов, где анализы остальных учебников. Ещё приведите литературного чтение для восьмых классов. С какой точкой зрение, в каком аспекте вы рассматривали? Можете сказать в других учебниках по русской литературе какие произведение вы рассматривали, как они представлены с точки зрении воспитательном, образовательном, в развитии речи в письменном и устном виде. Можете рассказать?

**Изденүүчү:** Чон ырахмат, суроонузга. Негизи орус адабиятында ушундай легендалык чыгармалар бар, жалаң эле кыргыз адабиятында кездешпейт деген ойду бергибиз келген. Илимий ишимдин негизи кыргыз адабиятын окутуу курсунда легендаларды окутуунун методикасы каралат.

**М.Манликова:** В чем схожесть и различия изучения легендарных произведений в русской литературе и кыргызской литературе. Или вы что-то взяли интересного из этих произведений?

**Изденүүчү:** Мен мисал катары эле колдондум. Теренден орус адабиятындагы легендаларды изилдеген жокмун.

**М.Манликова:** Ну тогда не надо было об этом говорить. Следующий вопрос касается уже анализах проведенных экспериментах. Вы пишете что проанализировали все эти программы, учебники, госстандарты, авторов почему-то, не указываете? Есть авторы? Вы перечисляете все произведение? В каких авторах, в каких учебниках как представлены эти легенды и мифы? Как вы рассматриваете?

**Изденүүчү:** Жаңы стандарт боюнча 5-6-класстын окуу-методикалык колдонмосу иштелип чыккан. Авторлору: А.Муратов, К.Акматов, Б.Абдухамидова, жаңы стандарттын негизинде инсанга багыттап окутууга негизделген.

**М.Манликова:** Значит, хорошо представлена да. У вас 3 класса? И вы для себя взяли только одного произведения в учебнике 5-го класса Б.Абдухамидовой "Бугу эненин жомогу". Еще где подтверждения тому-что вы сформировали вот эти предметные компетентности. Работы учеников не предоставлены? Вы перечисляете все эти произведение. Но не указали работы учеников, как они учащиеся проанализировали, как обогатилась их устная речь, сколько фразеологизмов они усвоили? Нет ни одного задания?

**Изденүүчү:** Ырахмат. Биздин изилдөө обьектибиз 5-6, 9-класстар. Авторефератта кыскача берилген. Диссертациялык иште булардын баарына кеңири токтолгонбуз. Мектепте бул легенданын негизинде жазылган чыгармаларды продуктивдүү, креативдүү тапшырмалардын негизинде чыгармачылык, изилдөөчүлүк, интерактивдүү методдор менен өтөбүз. Булардын баары илимий иште көрсөтүлөт. Окуучулардын легендалык чыгармалар боюнча жазган дил баян, эссе, пикир жазуулары, алардын өз көз караштарын, ой толгоолорун чыгармачылык менен жазууга түрткү берсе, колдонулган интерактивдүү усулдар өз алдынча иштөөсүнө, активдешүүсүнө, тартынбай ойлорун билдирүүсүнө өбөлгө түзөт. Легендалык чыгармаларда түшүнүүгө кыйын сөздөр кездешкендиктен сөздүк менен иштөө да каралган. 9-класстарда биргелешип окуу стратегиясы аркылуу чыгармада кездешкен фразеологизмдерди, макал-лакаптарды,

түшүнбөгөн сөздөрдү чечмелөө үчүн кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү, фразеологиялык сөздүктөр менен иштөөсү окуучулардын сөз байлыгынын өсүшүнө салым кошот.

**С.Батаканова:** Ырахмат. Суроoңуз жок болсо, кийинки сөздү Мукамбетова Айгүл сизге берели.

**А.Мукамбетова:** Айгүл, сага суроо. Авторефератта легенда жана уламыш тууралуу коп маалымат берилиптир. Ушул маалыматтардын окуучуларга кереги барбы? Кереги бар деп эсептесеңиз сабактын мазмунуна кандай жайгаштырасыз?

**Изденүүчү:** Эмне максатта көбүрөөк орун бердик? Легенда менен уламыштын бири-биринен айырмасы барбы? Ошону тактоо максатында жана легенданын табиятын аныктоо. Ошончо көп маалымат окуучуларга берилбейт. Кыскача жөнөкөйлөтүп берилет.

**А.Мукамбетова:** Легендалык чыгармалар 5-класста кандай, 9-класста кандай окутулат?

**Изденүүчү:** Адабиятты үйрөнүү үч этаптан турат, биринчи этабы V-VII класс -адабияттык окуу, 2-этабы VIII-IX класс - тарыхый, адабий курстун элементтерин ичине алган, системалык курска жакындатылган адабияттык окуу; үчүнчү этабы X-XI класс -кыргыз адабиятынын системалуу курсу. 5-6-класста окуучулар чыгарманын мазмуну менен тааныш болушат. Адабият теориясынан элементардык маалымат алышат. Бул класстарда сунушталган чыгармаларды добушун чыгарып окуу, үн кубултуп, көркөм окууга өзгөчө басым жасалат. 5-класста көркөм окууга, ой жүгүртүүсүн өстүрүүгө басым жасайбыз. 9-класста жанрына, образдарды талдоого көңүл бурабыз.

**А.Мукамбетова:** Легендалык чыгармаларды окутууда кайсы класста кандай методологиясы бар экенин аныктадынызбы?

**Изденүүчү:** Жаш өзгөчөлүктөрүнө жараша тыным менен окутуу, башкарып окутуу стратегияларын 5-класста, ал эми 9-класстарда образдарды талдоону колдонсок жакшы болот. Б.а. 5-6-класстарда чыгармачылык окуу, эвристикалык методдор, ал эми 9-класстарга изилдөөчүлүк методдор туура келет.

**С.Батаканова:** Суроoңуз жок болсо, ырахмат. Мира Сыдыкбаевна, сөз сизде.

**М.Сыдыкбаева:** 10-бетте уламыш кара сөз түрүндөгү тематикасы бар, кыска жана нуска баяндоо жанры деп берилиптир. Сиздин оюңузча уламыш кара сөз түрүндө эле болобу же ыр түрүндө да кездешеби?

**Изденүүчү:** Негизи кара сөз түрүндө да, ыр түрүндө да кездешет. Уламыштын негизинде акын-жазуучулар чыгарма жаратат. Ал легендалык чыгарма болуп калат.

**М.Сыдыкбаева:** Ошондо сиз эмнеге токтолдуңуз, уламыштынбы же легенданын негизинде жазылган чыгармаларбы?

**Изденүүчү:** Аябай жакшы суроо бердиңиз. Жогоруда айтылгандай, окумуштуулардын изилдөөлөрүнө таянуу менен уламыштын негизинде жазылган чыгармаларды окутуу дегенге токтолдум.

**С.Батаканова:** Суроо жокпу? Анда кийинки сөздү Сулайман Казыбаевич сизге берсек.

**С.Рысбаев:** Ошондо өзүң эмнеге токтолдуң? Кандай сунуш кыласың? Темаң легенда, сөзүң уламыш, эмне деген жыйынтыкка келдиң?

**Изденүүчү:** Бул суроонун үстүндө көптөгөн окумуштуулардын эмгектерин карап чыктык. Эки түшүнүктүн бир эле түшүнүк экендигин далилдөө менен, уламыштардын негизинде жазылган чыгармалар деп атоо талапка ылайык деген жыйынтыкка келдим.

**Диссертант А.Б. Батыркулованын жоопторунан кийин, диссертациялык кеңештин мүчөлөрү дисскуссия кылышыи, өз ойлорун ортого салышып колдоого болорлугун айтышты.**

**С.Батаканова:** Ырахмат. Кимде суроо бар? Жок болсо талкууга өтөлү. Ким сүйлөйт? Сулайман Казыбаевич, сөз сизде?

**С.Рысбаев:** Урматтуу кесиптештер! Бүгүн жакшы талкуу болуп жатат. Бул аспирант бизде окуду, ишин жазды. Мектепте да практик мугалим катары эксперимент жасап жүрөт. Легенда термини бизде көптөн бери калыптанып калган. Ошондуктан уламыш термини экөө көп талаштарды жаратып келет. Уламыш ула – мыш, имиш деген сөздөн келип чыккан десек болот. Менимче, уламыш деген терминди колдонсок болот. Менин сунушум уламыш деп программага берсек болот.

**Н.Ахметова:** Ну что же. Да, тема Айгул Бекмурзаевной очень актуальна. В средней школе обьязательно нужно изучать легенды. Потому что они имеет воспитательный характер. До этого К.Иманалиев, С.Байгазиев, А.Муратов тоже исследовали, представили дидактической основой преподование этих легенд. У меня предложение Айгүл Бекмурзаевной. Много орфографических ошибок. Надо их исправить. Актуальность у вас прописано плохо. Убрать слово музей слайда.

**М.Манликова:** В научном плане я не вижу как теперь изучать эти легенды в курсе преподование кыргызской литературы в средней школе. Надо переработать методическую часть основательно. Убрать занимающиеся место ненужные таблицы.

**С.Батаканова:** Ырахмат. Анда сөз эксперттик топтун мүчөсү В.Мусаевага берилет.

**В.Мусаева:** Биз Айгүл экөөбүз көп иштештик. Эмгекчил, иштин майын чыгарып жасайт. Техникалык каталарга көңүл буруп, сунуштарды эске алып, оңдоп коет деп ишенем. Ийгилик каалайм.

**С.Батаканова:** Кийинки сөз Абдыкерим Муратов агай сизде.

**А.Муратов:** Батыркулов деген фамилияны укканда эле Кыргыз Республикасынын Эл мугалими Бекмурза Батыркулов агайды эстейбиз. Агайдын кызы Батыркулова Айгүлдүн илимий ишин мына бүгүн талкуулап отурабыз. Айгүл өзү өткөн кылымда эле ишин баштаптыр. Мына эми кыймылдаптыр. Легенда, уламыш деп сен башыңды оорутпа. Ал окумуштуу адабиятчылардын иши. Сен методикага көп көңүл бөл. Ушул уламыштарды окутуунун жолдорун, ыкмаларын көрсөт. Мен бул ишти жактоого жарайт деп сунушумду билдирем.

Талкуунун аягында эксперттер да сөз алып, диссертанттын ишин бир добуштан колдоого алышып коргоого сунушташты.

Эксперттин төрагасы, п.и.д., доцент К.К. Акматов биринчи, экинчи оппоненттер жана жетектөөчү мекеме менен тааныштырып, буларды сунуштады. Алар:

**Биринчи расмий оппонент** –Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине караштуу "Республикалык илимий-практикалык "Окуу китеби" борборунун директору, педагогика илимдеринин доктору, доцент Акматов К.К;

**Экинчи расмий оппонент** – Иса Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын кыргыз тили кафедрасынан башчысы п.и.к., доцент Э.К. Абдырасулова;

**Жетектөөчү мекеме** –Жалал-Абад мамлекеттик университетинин башталгыч билим берүүнүн теориясы жана методикасы, педагогика жана психология кафедралары.

Төрайым аталган 2 оппонентке жана жетектөөчү мекемеге макул болушса, кол көтөрүп коюусун суранды. Баары макул. Каршы жок. Калыс жок.

Изденүүчү **13.00.02. – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты)** адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **Батыркулова Айгүл Бекмурзаевнанын "Орто мектептин кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуунун методикасы"** аттуу темадагы кандидаттык диссертациясы коргоого сунушталсын.

Бардыгы – 16. Макул – 16. Каршы – 0. Калыс – 0

Жогорудагы изденүүчүнүн баяндамасын, суроо-жоопторун жана талкууда айтылгандарды угуп, эксперттик комиссиянын бүтүмүн жана добуш берүүнүн жыйынтыгын эске алып, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин кандидаты (доктору) психология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн уюштурулган Д 13.20.623 диссертациялык кеңештин отуруму

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Изденүүчү 13.00.02. – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча **Батыркулова Айгүл Бекмурзаевнанын "Орто мектептин кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуунун методикасы" деген темада 13.00.02. – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты)** адистигине ылайык педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган

диссертациялык иши алдын ала коргоодон өттү деп эсептелсин жана бүтүмү бекитилсин.

2. Изденүүчү 13.00.02. - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча **Батыркулова Айгүл Бекмурзаевнанын "Орто мектептин кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуунун методикасы" деген темада 13.00.02. – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты)** адистигине ылайык педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына жооп берет деп эсептелсин жана коргоого сунушталсын.

**Жыйындын төрайымы,**
**п.и.д., профессор:** **С. Т. Батаканова**

**Жыйындын катчысы,**
**п.и.к., доцент:** **Д. К. Омурбаева**

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ